| | |
|---|---|
| | **И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ** |
| Колледж | БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО СИСТЕМАСЫ |
| | **ДП 38 – 18** |

**БЕКИТИЛДИ**
И.Раззаков ат. КМТУнун
Окумуштуулар Кеңешинин
отурумунда
29-март 2023-ж.
№ 7 протоколу

**БЕКИТЕМИН**
И.Раззаков ат. КМТУнун ректору
__________ М.К. Чыныбаев
31-март 2023-ж.
№ 1/07 буйругу

# И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН

# КОББ (КОЛЛЕДЖ) ТУРАЛУУ

# ЖОБО

**Бишкек, 2023**

# ӨЗГӨРТҮҮ БАРАКЧАСЫ

| **УЧА версия №** | **Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген абзац же пунктунун/бөлүмдүн № (баракты көрсөтүү менен)** | **КМТУнун Окумуштуулар Кеңешинин протокол № жана датасы** |
|---|---|---|
| 1 | | |
| 2 | И.Раззаков ат. КМТУнун кайра уюштурулушуна байланыштуу өзгөртүүлөр | 29.03.2023-ж. № 7 протоколу |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" 2003-жылдын 30-апрелинде № 92 (2022-жылдын, 25-июльда № 69 акыркы басыл.чыгар.), мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Кыргыз Республикасынын Жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюму жөнүндө 2004-жылдын 3-февралында № 53 (2022-жылдын 1-август №425 акыркы басыл.чыгар.) жобого, Кыргыз Республикасынын Президентинин "Кыргыз Республикасынын Жогорку кесиптик билим берүүсүнүн билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө" 2022-жылдын 18-июлундагы №243 Жарлыгына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жыл 29-июлдагы № 414 токтомуна, И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Уставына (мындан ары-университет), университеттин ички ченемдик актыларына ылайык иштелип чыккан жана КОББнын (Колледждин) укуктук статусун, функцияларын жана ыйгарым укуктарын, анын университеттин башка бөлүмдөрү жана үчүнчү жактар менен өз ара аракеттенүүсүн аныктайт.

1.2. Мамлекеттик тилдеги толук аталышы: И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Кесиптик орто билим берүү (Колледжи).

Мамлекеттик тилдеги кыскартылган аталышы: И.Раззаков атындагы КМТУнун КОББ (Колледжи).

Расмий тилдеги толук аталышы: Среднее профессиональное образование (Колледж) Кыргызского государственного технического университета им. И.Раззакова.

Расмий тилдеги кыскартылган аталышы: СПО (Колледж) КГТУ им. И.Раззакова.

1.3. Почта дареги жана жайгашкан жери: Кыргыз Республикасы, 720020, Бишкек ш., Малдыбаев көч., 34, б.

1.4. КОББ (Колледж) ушул Жобо менен аныкталган көлөмдө анын функцияларынын бир бөлүгүн дайыма жүзөгө ашыруучу университеттин түзүмдүк билим берүү бөлүмү болуп саналат. КОББ (Колледж) юридикалык жак болуп саналбайт. КОББ (Колледж) Университеттин Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде университеттин ректорунун буйругу менен түзүлөт, атын өзгөртөт жана жоюлат.

1.5. КОББ (Колледж) өз ишин Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарына жана буйруктарына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдоруна жана буйруктарына, башка ченемдик укуктук актыларга, Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн билим берүү уюму жөнүндө жобого (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 1-август 2022-жылдагы токтомдорунун №425 акыркы редакциясы), университеттин Уставына, Университеттин ректорунун буйруктарына жана буйрутмаларына, университеттин Окумуштуулар кеңешинин чечимдерине, КОББдун (Колледж) Педагогикалык кеңешинин жана университеттин башка ченемдик актыларына жана КОББдун (Колледж) ченемдик актыларына ылайык жүзөгө ашырат.

Лицензиялоого жана аккредитациялоого тийиш болгон ишти Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык КОББ (Колледж) университетке берилген лицензиянын жана мамлекеттик аккредитациялоо жөнүндө күбөлүктүн негизинде жана анын чегинде жүзөгө ашырат.

1.6. КОББ (Колледж) университеттин түзүмдүк бөлүмү болуп саналып, өз ишинин негизги максаты катары пайда табуу максатын көздөбөйт жана финансылык-чарбалык ишмердикти гана жүзөгө ашырат, анткени ал өзү түзүлгөн жана университет тарабынан берилген ыйгарым укуктардын көлөмүндө гана коюлган максаттарга жетүүгө кызмат кылат.

КОББ (Колледжге) финансылык-чарбалык ишти жүргүзүү бөлүгүндө берилген ыйгарым укуктардын көлөмү ушул Жобо менен аныкталат, университеттин башка ченемдик актылары жана университеттин ректорунун ишеним каты менен аныкталат.

1.7. КОББ (Колледж) университеттин ректорунун жалпы баш ийүүсүндө турат. КОББ (Колледжге) түздөн-түз жетекчилик университеттин ректорунун буйругу менен дайындалган директорго жүктөлөт.

1.8. КОББ (Колледж) өзүнүн аталышы жана университетке таандыктыгы көрсөтүлгөн тегерек мөөргө, штамптарга, бланктарга жана башка зарыл атрибуттарга ээ.

1.9. Бул жобо, ага өзгөртүүлөр жана толуктоолор университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынат жана университеттин ректорунун буйругу менен бекитилет.

1.10. КОББ (Колледж) негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

а) кесиптик орто билим алуу аркылуу инсандын интеллектуалдык, маданий жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө болгон муктаждыктарын канааттандыруу;

б) курулуш, архитектура, дизайн, транспорт, маалыматтык технологиялар, экономика, менеджмент, экология тармагында кесиптик орто билими бар адистерге коомдун керектөөлөрүн канааттандыруу;

в) окуп жаткандарда жарандык позицияны жана эмгекчилдикти калыптандыруу, жоопкерчиликти, өз алдынчалыкты жана чыгармачылык активдүүлүктү өнүктүрүү;

г) коомдун адеп-ахлактык жана маданий баалуулуктарын сактоо жана көбөйтүү.

1.11. КОББ (Колледж) өзүнүн түзүм бөлүмдөрү, даярдоо курстары, окуу кабинеттери жана лабораториялары, окуу жана окуу-өндүрүштүк устаканалары жана чарбалары, окуу полигондору, кошумча кесиптик билим берүүнүн структуралык бөлүмдөрү жана башка окуу жана чарбалык түзүмдүк бөлүмдөрү болушу мүмкүн.

1.12. КОББдо (Колледж) жалпы орто билим берүү программалары, баштапкы кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программалары жана кесиптик орто жана кесиптик башталгыч билим берүүнүн кошумча кесиптик билим берүү программалары ишке ашыры мүмкүн.

Аталган билим берүү программаларын (окууга кабыл алууну, билими жөнүндө документтерди берүүнү, окуп жаткандарга жана кызматкерлерге укуктарды, социалдык кепилдиктерди жана жеңилдиктерди берүүнү кошкондо) ишке ашыруу боюнча КОББ (Колледждин) иши университеттин Уставына жана ушул Жобого ылайык жүзөгө ашырылат.

1.13. КОББ (Колледжде) илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштер, ошондой эле инновациялык иштер жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Мында кесиптик орто окуу жайдын структурасында тиешелүү бөлүмдөр түзүлүшү мүмкүн.

## 2. КОББ (Колледж) максаттары, иш-аракеттеринин түрлөрү жана милдеттери

2.1. КОББ (Колледж) ишинин максаты кесиптик орто билим берүүнүн билим берүү программаларын, ошондой эле кошумча кесиптик билим берүүнү ишке ашыруу жолу менен инсандын интеллектуалдык, маданий жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө болгон муктаждыктарын канааттандыруу болуп саналат:

- кесиптик орто билими бар адистерге коомдун муктаждыктарын канааттандыруу;
- студенттерде жарандык позицияны жана эмгекчилдикти калыптандыруу, жоопкерчиликти, өз алдынчалыкты жана чыгармачылык активдүүлүктү өнүктүрүү;
- коомдун адеп-ахлактык жана маданий баалуулуктарын сактоо жана жайылтуу;
- калк арасында билимди жайылтуу, анын билим жана маданий деңгээлин жогорулатуу.

2.2. Коюлган максаттарга жетүү үчүн КОББ (Колледж) иштин төмөнкүдөй түрлөрүн жүзөгө ашырат:

2.2.1. Билим берүү иш-аракеттери, анын ичинде билим берүү программаларынын төмөнкү түрлөрү:

- кесиптик орто билим берүү программалары - орто звенодогу адистерди даярдоо программалары;
- кошумча кесиптик билим берүү программалары - жумушчу кесиптерди өздөштүрүү боюнча программалар, тил курстары, атайын даярдоо программалары (ЖРТ, айрым предметтер жана дисциплиналар, квалификацияны жогорулатуу курстары).

2.2.2. Окуу китептерин, окуу куралдарын, препринтилерди, мезгилдүү басылмаларды жана башка басма продукцияларын кыргыз, орус жана чет тилдеринде көбөйтүү жагындагы басма иши.

2.2.3. Конференцияларды, семинарларды ж.б. уюштуруу жана өткөрүү.

2.2.4. КОББ (Колледж) ишинин профилине ылайык келген багыттар боюнча эл аралык кызматташтыкты жүзөгө ашыруу.

2.2.5. Кыргызстандын алдыңкы жана чет өлкөлүк окуу жайларында КОББ (Колледж) окутуучуларынын такшалмаларын жана квалификациясын жогорулатууну уюштуруу.

2.2.6. Университет ректорунун ишеним катына ылайык тиешелүү ыйгарым укуктарды өткөрүп берген учурда, юридикалык жана (же) жеке жактар менен түзүлгөн келишимдер боюнча ишке ашырылуучу негизги билим берүү программаларында каралбаган кошумча (акы төлөнүүчү) билим берүү кызматтарын, ошондой эле мамлекеттик тапшырмада белгиленгенден тышкары кошумча билим берүү программалары боюнча кабыл алуунун көзөмөлдөө сандарын көрсөтүү.

2.3. КОББ (Колледж) коюлган максаттарга жетүү үчүн төмөнкү милдеттердин аткарылышын камсыз кылат :

- КОББ (Колледж) окууга жыл сайын кабыл алуу үчүн зарыл болгон иш-чараларды даярдоо жана уюштуруу;
- КОББ (Колледж) натыйжалуу окуу, методикалык иштерди уюштуруу, анын ичинде КОББ МББСга жана макеттерге ылайык ишке ашырылып жаткан билим берүү программалары боюнча бекитилген окуу пландарын өз убагында аткаруу;
- окуучулардын окуу жана өндүрүштүк практикаларын уюштуруу;
- окуу процессин уюштуруу, методикалык жактан камсыз кылуу жана коштоо, окуу курстарынын жана сабактардын программаларын, башка окуу-методикалык документтерди иштеп чыгуу жана бекитүүгө берүү, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана университеттин Уставында белгиленген тартипте окуу пландарын даярдоо;
- университеттин китепканасы аркылуу окуучуларды окуу жана методикалык адабияттар менен камсыз кылуу, ошондой эле китепкана фондун толуктоо жана жаңылоо боюнча Ректорго сунуштарды өз убагында киргизүү;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, университеттин Уставына, университеттин башка ченемдик актыларына ылайык окуучулардын жетишкендиктерин учурдагы көзөмөлдөө жана орто аралык аттестациялоо;
- КОББ (Колледж) кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатууну уюштуруу, анын ичинде аларды уюмдагы жана ишканадагы окууга жиберүү жолу менен уюштуруу;
- семинарларды, конференцияларды жана башка иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүүгө катышуу;
- КОББ (Колледжге) бекитилип берилген жайлардын, жабдуулардын жана башка материалдык баалуулуктардын сакталышын жана максаттуу пайдаланылышын камсыз кылуу, аларды нормалдуу пайдалануу үчүн зарыл жана жетиштүү абалда кармап туруу;
- ишеним кат менен аныкталган ыйгарым укуктардын чегинде тиешелүү уюмдар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде бекитилген жайларда иштин зарыл түрлөрү жана товардык-материалдык баалуулуктар менен билим берүү процессин камсыз кылууну

уюштуруу, өрт коопсуздугунун чараларын, санитардык-гигиеналык, экологиялык жана башка талаптарды сактоо;

- КОББ (Колледж) окуучуларынын жана кызматкерлеринин кыймылын ыкчам эсепке алуу, университеттин ыйгарым укуктуу бөлүмдөрүнө тиешелүү каттоо-коштоочу документтерди өз убагында берүү, анын талаптагыдай таризделишин жана сакталышын камсыз кылуу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын укуктук актыларында белгиленген формаларга ылайык статистикалык эсепти сапаттуу жана ыкчам жүргүзүү;
- КОББ (Колледжде) окуу сабактарынын, эмгек жана окуу тартибинин сапатына туруктуу көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруу.

2.4. КОББ (Колледж) ишинин негизги түрлөрүнүн тизмеси толук болуп саналбайт жана КОББ (Колледж) Педагогикалык кеңешинин демилгеси боюнча университеттин Уставына ылайык кеңейтилиши мүмкүн.

## 3. КОББ (Колледж) түзүмү

3.1. КОББ (Колледж) түзүмү жана штаттык жүгүртмөсү университеттин ректору тарабынан бекитилет.

3.2. Колледжде предметтик (циклдик) комиссиялар иштейт, ошондой эле КОББ (Колледж) Педагогикалык кеңеши, Усулдук кеңеши түзүлөт, алардын иши тиешелүү жобо менен аныкталат.

3.3. КОББ (Колледж) өзүнүн түзүмүндө бөлүмдөрү, окуу кабинеттери жана лабораториялары, окуу жана окуу-өндүрүштүк устаканалары, окуу полигондору, жалпы билим берүү программаларын, кесиптик орто билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашыруучу түзүмдүк бөлүмдөрү жана билим берүү процесси менен байланышкан башка түзүмдүк бөлүмдөрү болушу мүмкүн.

3.4. КОББ (Колледж) конкреттүү түзүмү жана штаттык саны университеттин ректору тарабынан бекитилет. Түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери КОББ (Колледж) директорунун сунушу боюнча университеттин ректору тарабынан ишке кабыл алынат жана бошотулат. КОББ (Колледж) кызматкерлеринин функцияларын жана милдеттерин бөлүштүрүү директор тарабынан белгиленет жана кызматтык нускамалар түрүндө таризделет.

## 4. КОББ (Колледж) башкаруусу

4.1. 1.7 пунктка ылайык КОББ (Колледжде) оперативдүү башкарууну директор жүзөгө ашырат.

Колледжге жалпы жетекчиликти шайлануучу өкүлчүлүктүү орган - КОББ (Колледж) Педагогикалык кеңеши жүзөгө ашырат.

4.2. КОББ (Колледж) Педагогикалык кеңеши өкүлчүлүктүү шайлануучу орган болуп саналат.

КОББ (Колледж) Педагогикалык кеңешин түзүүнүн тартиби, мөөнөттөрү жана ыйгарым укуктары университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилүүчү ушул Жобо менен аныкталат.

4.3. КОББ (Колледж) Педагогикалык кеңешинин иши ушул Жобо менен жөнгө салынат.

КОББ (Колледж) Педагогикалык кеңешинин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү 1 жылдан ашпоого тийиш. Кеңештин курамына кызматы боюнча: директор (кеңештин төрагасы), анын орун басарлары, катчы кирет. Кеңештин башка мүчөлөрү КОББ (Колледж) кызматкерлеринин чогулушу тарабынан ачык добуш берүү жолу менен шайланат. Кеңештин курамына КОББ (Колледж) кызматкерлеринин бардык категорияларынын жана окуп жаткандардын өкүлдөрү, ошондой эле кесиптик бирликтердин жана башка коомдук уюмдардын, анын ичинде студенттердин өкүлдөрү

шайланат. Шайлануучу Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санын университеттин Окумуштуулар кеңеши аныктайт.

4.4. КОББ (Колледж) Педагогикалык кеңешинин ыйгарым укуктары:

- КОББ (Колледж) өнүгүү багыттарын жана келечегин аныктайт;
- даярдоо багыттары жана адистиктер боюнча окуу пландарын жана программаларын алардын мамлекеттик стандарттарга ылайыктуулугун карайт жана бекитет;
- КОББ (Колледж) кыргызстандык жана эл аралык билим берүү долбоорлоруна катышуусу менен байланышкан маселелерди карайт;
- педагогикалык жана башка категориядагы кызматкерлердин жана колледждин студенттеринин конференциясынын убактысын, ордун жана күн тартибин бекитет;
- КОББ (Колледж) бөлүмдөрүн түзүү, кайра уюштуруу жана жоюу маселелерин карайт жана Университеттин Окумуштуулар кеңешине тиешелүү сунуштарды киргизет;
- КОББ (Колледж) бөлүмдөрүнүн окуу иштери боюнча пландарын жана отчетторун бекитет;
- директордун жана зарыл болгон учурда - КОББ (Колледж) багыттарынын жетекчилеринин жана башка кызматкерлеринин отчетторун угат;
- КОББ (Колледж) кызматкерлерине ардак наамдарды ыйгаруу жөнүндө сунуштарды университеттин Окумуштуулар Кеңешинин кароосуна киргизет, сыйлыктарды жана атайын стипендияларды алууга талапкерлерди көрсөтөт;
- университеттин локалдуу ченемдик актылары, университеттин Уставы, ушул Жобо менен анын компетенциясына кирген башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

КОББ (Колледж) Педагогикалык кеңешинин окуу ишинин бардык маселелери боюнча чечимдери ачык добуш берүү менен жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынат жана эгерде отурумга Кеңештин 2/3 мүчөлөрүнөн ашык катышса укуктуу болуп эсептелет.

КОББ (Колледж) Кеңешинин отуруму протокол менен таризделет, ага Кеңештин Төрагасы жана катчысы кол коет.

4.5. КОББ (Колледжди) директор жетектейт, ал университеттин ректорунун буйругу менен дайындалат. Директор университеттин уставында, ушул Жободо аныкталган ыйгарым укуктардын чегинде жана университеттин ректору тарабынан директорго берилген ишеним катка ылайык университеттин атынан аракеттенет. Директордун кызматтык милдеттери анын эмгек келишими, кызматтык нускамасы менен аныкталат.

4.6. Директордун буйруктары бардык кызматкерлер жана КОББ (Колледж) студенттери үчүн милдеттүү.

4.7. Директорду ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнө университеттин ректору тарабынан дайындалуучу КОББ (Колледж) директорунун орун басарлары болот.

КОББ (Колледж) директорунун иш багыты боюнча орун басарлары иштин тиешелүү багыты боюнча университеттин проректору менен макулдашылган КОББ (Колледж) директорунун сунушу боюнча университеттин ректорунун буйругу менен кызматка дайындалат.

Орун басарлардын ыйгарым укуктарынын көлөмү эмгек келишими, кызматтык нускама менен аныкталат, кызматтык нускамага директор, эмгек келишимине – ректор кол коет.

4.8. Директор бир башчылык принцибинде КОББ (Колледж) Педагогикалык кеңешинин жана университеттин ректорунун алдында анын ишинин натыйжалары үчүн толук жоопкерчилик тартат жана жыл сайын Кеңештеги өз иши жөнүндө, ал эми ректордун чечими боюнча Университеттин Окумуштуулар кеңешине отчет берет.

КОББ (Колледж) директору эмгек келишиминде каралган негиздер жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган башка негиздер боюнча ээлеген кызматынан бошотулушу мүмкүн.

КОББ (Колледж) директоруна эмгек акы төлөө, дем берүүчү мүнөздөгү төлөмдөрдүн өлчөмү жана дайындоо тартиби (сыйлыктар, үстөктөр ж.б.) белгиленген тартипте жөнгө салынат.

4.9. Өзүнүн компетенциясынын чегинде директор:

- КОББ (Колледждин) бардык кызматкерлери жана окуучулары аткарууга милдеттүү болгон буйруктарды, тескемелерди чыгарат жана көрсөтмөлөрдү берет;
- КОББ (Колледж) штаттык ыраатгамасын өзгөртүү боюнча сунуштарды киргизет;
- өзүнүн компетенциясынын чегинде КОББ (Колледжди) өнүктүрүү пландарын, программаларын жана долбоорлорун бекитет;
- даярдоо багыттарынын жетекчилери жана бөлүм башчылары менен макулдашуу боюнча окуу жүктөмүн бөлүштүрөт;
- КОББ (Колледж) кызматкерлеринин бош кызмат орундарын ээлөө үчүн талапкерлерди тандайт жана университеттин ректорунун кароосуна КОББ (Колледж) кызматкерлерин кызматка дайындоо, аларды которуу, кызматтан бошотуу жөнүндө сунуштарды киргизет;
- функционалдык милдеттерин аткарууда КОББ (Колледж) бардык кызматкерлеринин жана окуп жаткандардын колдонуудагы мыйзамдардын жана жергиликтүү ченемдик актылардын талаптарын сакташына тийиштүү контролду камсыз кылат;
- университеттин Уставына, ушул Жобого, университеттин ректорунун ишеним катына ылайык башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

4.10. Иш кагаздарын жүргүзүү колдонуудагы мыйзамдарга жана университеттин ички актыларында белгиленген тартипке ылайык жүргүзүлөт.

## 5. Билим берүү процесси. Студенттерди кабыл алуу

5.1. КОББ (Колледж) негизги билим берүү программалары - кесиптик орто билим берүү программалары боюнча окугандарды даярдайт.

5.2. Билим берүү процесси "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, университеттин Уставына, университеттин жана КОББ (Колледждин) башка ички актыларына ылайык жүзөгө ашырылат.

5.3. КОББ (Колледж) билим берүү процессин уюштуруу үчүн төмөнкүдөй милдеттерди аткарат:

- негизги орто кесиптик билим берүүнүн, кошумча кесиптик билим берүүнүн ар кандай формалардагы билим берүү программаларын ишке ашырат;
- ишке ашырылып жаткан билим берүү программалары боюнча бүтүрүүчүнүн компетенттүүлүк моделин түзөт;
- окуу жана жумушчу окуу программаларын түзөт;
- окуу процессинин графигин, окуу сабактарынын жүгүртмөсүн, сынактык сессиялардын жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын графигин иштеп чыгат жана бекитет;
- бүтүрүүчүнү даярдоонун сапатын камсыз кылуучу окуу-методикалык материалдарды иштеп чыгат жана алардын мазмунунун жаңылануусун көзөмөлдөйт;
- университетте кабыл алынган сапатты башкаруу моделинин негизинде билим берүү ишинин сапатын башкаруу системасын колдойт;
- окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун баллдык-рейтингдик системасын колдонуу менен утурумдук көзөмөл жана аралыктык аттестациялоону жүзөгө ашырат;
- окуу процессине жогорку квалификациялуу практиктерди тартат;
- студенттердин жекече билим берүү траекторияларын (пландарын жана графиктерин) калыптандыруу жана ишке ашыруу үчүн шарттарды түзөт;

- университеттин маалыматтык тутумдарын пайдалануунун бекитилген регламенттерине ылайык университеттин маалыматтык тутумдарында КОББ (Колледж) жөнүндө маалыматтардын актуалдуулугун жана толуктугун колдойт;
- окуу мезгилинде студенттердин өздүк иштерин түзүү үчүн зарыл болгон документтерди жүргүзөт;
- дипломдорду жана алардын тиркемелерин каттоо үчүн керектүү маалыматтарды даярдайт;
- мамлекеттик сынактык комиссиялардын курамын түзөт, аларды бекитүүгө сунуштайт жана алардын ишин уюштурат;
- окутуучулардын усулдук иштеп чыгууларын окуу процессине киргизүүгө көмөктөшөт;
- окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу үчүн шарттарды камсыз кылат;
- окуучулардын өз алдынча ишин өнүктүрүүгө, олимпиадаларды, теориялык, практикалык конференцияларды жана башка чыгармачылык иш-чараларды уюштурууга көмөк көрсөтөт;
- атайын жана аты аталган стипендия алуу үчүн окуучулардын конкурстарын уюштурат.

5.4. КОББ (Колледж) окутуунун күндүзгү жана сырттан окуу формасы (анын ичинде дистанттык технологияларды колдонуу менен), электрондук окутуу жана окутуунун башка активдүү ыкмалары боюнча билим берүү ишин жүзөгө ашырат.

5.5. КОББ (Колледжге) кабыл алуу тартиби жана эрежелери Кыргыз Республикасынын Өкмөтү (Билим берүү жана илим министрлиги) тарабынан белгиленет.

5.6. КОББ (Колледжге) кабыл алуу негизги жалпы же жалпы орто билими бар адамдардын арызы боюнча, негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүгө кыйла жөндөмдүү жана даярдалган адамдарды кабыл алууга кепилдик берген кирүү сынактарынын натыйжалары боюнча конкурстук негизде жүзөгө ашырылат.

5.7. Кирүү сынактарынын саны, тизмеси, өткөрүү формасы жана баалоо системасы КОББ (Колледжге) кабыл алуу эрежелери менен аныкталат жана адистигине, окутуу формасына, ишке ашырылып жаткан негизги кесиптик билим берүү программасынын түрүнө жана анын базасында кабыл алуу жүзөгө ашырылып жаткан билимге (негизги жалпы же орто жалпы) жараша айырмаланышы мүмкүн.

5.8. КОББ (Колледж) студенттеринин курамына кабыл алуу билими жөнүндө документтин түп нускасы берилгенден кийин жүргүзүлөт.

## 6. Тарбия иштерин уюштуруу

6.1. КОББ (Колледжде) тарбия иштери адистерди даярдоо процессинин ажырагыс курамдык бөлүгү болуп саналат, ал окуп жаткандардын ар тараптуу өнүккөн инсанын калыптандырууга багытталган.

6.2. КОББ (Колледжде) тарбия иштеринин негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

а) окуп жаткандардын чыгармачылык, интеллектуалдык жана уюштуруучулук жөндөмдөрүн ачуу;

б) эстетикалык жана руханий-адеп-ахлактык тарбия берүү;

в) ден-соолукту чыңдоо иштерин уюштуруу, сергек жашоо образын пропагандалоо;

г) окуп жаткандарды өз алдынча башкарууну өнүктүрүү;

д) окуп жаткандардын бош убактысын уюштуруу, окуп жаткандардын демилгелерин ишке ашырууга жардам берүү;

е) жатаканаларда тарбия иштерин уюштуруу жана контролдоо (бар болсо).

6.3. Билим берүү ишинин бир түрү кураторлук институт болуп саналат. Студенттердин ар бир академиялык тобунда КОББ (Колледж) директору тарабынан топтордо окутуу жана тарбиялоо иштери менен алектенген педагогикалык кызматкерлерден дайындалган куратор болот. Кураторлор КОББ (Колледж) директоруна,

анын орун басарларына, негизги бөлүмдөрдүн (бөлүмдөрдүн) жетекчилерине отчет беришет.

Кураторлор студенттерге окуу жана окуудан тышкаркы иштерди жүргүзгөн университеттин түзүмдөрү менен өз ара аракеттенүүдө жардам көрсөтүшөт, курстарда атайын иш-чараларды өткөрүшөт жана студенттердин жалпы университеттик жана башка иш-чараларга катышуусуна көмөк көрсөтүшөт, учурдагы жетишүүлөрүн көзөмөлдөйт жана зарыл болгон учурда студенттин ата-энеси менен байланыш түзүшөт. Кураторлордун ишинин жыйынтыктары КОББ (Колледж) Педагогикалык кеңешинин жыйналыштарында дайыма угулуп турат.

6.4. КОББ (Колледжде) жыл сайын окуучулар менен тарбиялык иштердин программасы кабыл алынат. Программа КОББ (Колледж) Педагогикалык кеңешинде окутуучуларды, кызматкерлерди, окуучуларды жана коомдук уюмдардын өкүлдөрүн чакыруу менен талкууланат жана кабыл алынат. Программаны КОББ (Колледж) директору бекитет.

6.5. Окуу жылынын аягында КОББ (Колледж) Педагогикалык Кеңешинде КОББ (Колледж) өткөрүлгөн тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын отчету угулат.

6.6. КОББ (Колледж) директору тарбия иштерин стимулдаштыруу боюнча чараларды көрөт.

6.7. Социалдык тарбия иштери жаатындагы иш-чаралар КОББ (Колледж) Студенттик кеңеши менен кызматташтыкта ишке ашырылат.

## 7. КОББ (Колледж) окуучулары

7.1. КОББ (Колледжде) окуп жаткандарга Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, университеттин Уставына ылайык студенттер, угуучулар жана башка категориядагы адамдар кирет.

7.2. КОББ (Колледжде) окуп жаткандардын укуктары жана милдеттери Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, университеттин Уставы, университеттин ички эмгек тартибинин эрежелери, университеттин жана КОББ (Колледждин) ички ченемдик актылары менен аныкталат.

7.3. Студенттерге студенттик билет жана белгиленген үлгүдөгү зачеттук китепче берилет.

7.4. Студенттер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык окуусун жумуш менен айкалыштыра алышат. Күндүзгү бөлүмдөгү студенттер каникул учурунда же жумуш графигин окуу менен айкалыштырса, убактылуу жумушка орношо алышат.

7.5. Студенттер укуктуу:

- КОББ (Колледж) ишинин маселелерин талкуулоого жана чечүүгө, анын ичинде өз алдынча башкаруу органдары жана коомдук уюмдар аркылуу катышууга;
- КОББ (Колледж) администрациясынын буйруктарына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте даттанууга;
- университеттин китепканаларын, маалыматтык ресурстарын, окуу, социалдык-тиричилик, дарылоо жана башка бөлүмдөрүнүн кызмат көрсөтүүлөрүн анын Уставында белгиленген тартипте акысыз пайдаланууга.

Студенттер үчүн эксперименталдык-конструктордук жана башка иштерди, билим берүү программаларын иштеп чыгуу боюнча ийгиликтери үчүн моралдык жана материалдык жактан сыйлоо ар кандай түрлөрү белгиленген.

7.6. Медициналык көрсөткүчтөр боюнча жана башка өзгөчө учурларда студентке Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте академиялык өргүү берилет.

7.7. КОББ (Колледжден) чыгарылган адамды окууга калыбына келтирүүнүн, ошондой эле мурда башка КООЖдо окуган жана окуусун аяктаганга чейин андан

чыгарылган адамды окууну улантуу үчүн кабыл алуунун тартиби жана шарттары университеттин Уставы менен аныкталат.

7.8. Студенттерди бир кесиптик орто окуу жайдан башка кесиптик орто окуу жайга же жогорку окуу жайдан кесиптик орто окуу жайына которуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипке ылайык жүзөгө ашырылат.

7.9. Адистиги боюнча окуу планын белгиленген мөөнөттө жүйөөсүз себеп менен аткарбагандыгы, университеттин уставында каралган милдеттерди аткарбагандыгы, ички тартип эрежелерин бузгандыгы үчүн студенттерге КОББ (Колледжден) чыгарууга чейинки тартиптик жаза колдонулушу мүмкүн. Студенттер ооруп жатканда, каникулда, академиялык өргүүдө же декреттик өргүүдө чыгарылышы мүмкүн эмес. Студенттерди окуудан чыгаруу тартиби университеттин Уставы менен аныкталат.

## 8. КОББ (Колледж) кызматкерлери

8.1. КОББ (Колледжде) педагогикалык, административдик, окуу-көмөкчү жана башка кызматкерлер үчүн кызмат орундары каралган.

8.2. Кызматкерлер менен эмгек келишимдери КОББ (Колледж) директорунун сунушу боюнча университеттин ректору тарабынан түзүлөт, өзгөртүлөт жана токтотулат.

8.3. Педагогикалык ишке жогорку кесиптик билими бар адамдарга жол берилет. Көрсөтүлгөн адамдардын билим берүү баалуулугу тиешелүү деңгээлдеги жана (же) квалификациядагы билими жөнүндө документ менен ырасталат. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык педагогикалык ишке адамдарга жол берилбейт.

8.4. КОББ (Колледж) кызматкерлеринин укуктары жана милдеттери колдонуудагы мыйзамдар, университеттин Уставы, ушул Жобо, эмгек келишимдери, кызматтык нускамалар, университеттин ички ченемдик актылары менен аныкталган.

8.5. КОББ (Колледж) кызматкерлери укуктуу:

- кесиптик ар-намысын жана кадыр-баркын коргоого;
- университеттин уставында жана ушул Жободо аныкталган тартипте КОББ (Колледжди) башкарууга катышууга;
- КОББ (Колледж) жана университеттин шайлоо органдарына белгиленген тартипте шайлоого жана шайланууга;
- өзүнүн кесиптик ишин зарыл уюштуруучулук, окуу-методикалык жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылууга, университеттин китепканасын, маалыматтык ресурстарын, окуу, окуу-методикалык, социалдык-тиричилик жана башка бөлүмдөрүнүн кызмат көрсөтүүлөрүн акысыз пайдаланууга;
- КОББ (Колледж) администрациясынын, ректордун буйруктарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте даттанууга;
- КОББ (Колледж) ишинин маанилүү маселелерин өз алдынча башкаруу органдары жана коомдук уюмдар аркылуу талкуулоого жана чечүүгө катышууга;
- КОББ (Колледж) жана жалпысынан ЖОЖдун ишин өркүндөтүү жана анын натыйжалуулугун баалоо боюнча сунуштарды киргизүүгө.

8.6. Педагогикалык кызматкерлер билим берүү процессинин жогорку сапатын кыйла толук камсыз кылган окутуу ыкмаларын жана каражаттарын тандап алууга укуктуу. Окуп жаткандардын инсанына карата дене-бой жана психикалык зомбулук менен байланышкан, гуманга каршы, ошондой эле окуп жаткандардын өмүрү же ден-соолугу үчүн коркунучтуу окутуу усулдарын тарбиялоонун антипедагогикалык усулдарын пайдаланууга жол берилбейт.

8.7. Кызматкерлер университеттин Уставын, университеттин жамааттык келишимин, КОББ (Колледж) жөнүндө жобону, ички тартип эрежелерин, башка жергиликтүү ченемдик актыларды сактоого, кесиптик этиканын ченемдерин так сактоого милдеттүү. Педагогикалык кызматкерлер билим берүү процессинин жогорку натыйжалуулугун камсыз кылууга, окуп жаткандарда тандап алган адистиги боюнча кесиптик сапаттарды, жарандык позицияны, эмгекке жөндөмдүүлүктү калыптандырууга,

окуп жаткандардын өз алдынчалыгын, демилгесин, чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүүгө, өз квалификациясын дайыма жогорулатууга, белгиленген мөөнөттө кезектеги медициналык текшерүүдөн өтүүгө милдеттүү.

8.8. КОББ (Колледж) педагогикалык кызматкери үчүн эмгек келишиминде эскертилген окуу жылына карата окуу жүктөмү мыйзамдарда жана башка ченемдик актыларда белгиленген ченемдерден ашпоого тийиш.

8.9. Педагогикалык жана жетекчи кызматкерлер аттестациядан колдонуудагы мыйзамдарга жана ички документтерге ылайык, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги белгилеген тартипте өтүшөт.

8.10. КОББ (Колледж) кызматкерлери 3 жылда 1 жолудан кем эмес квалификациясын жогорулатууга милдеттүү, анын ичинде такшалма системасы боюнча.

8.11. КОББ (Колледж) кызматкерлери үчүн окуу, методикалык, илимий, тарбиялык иштердеги жана башка уставдык иштердеги ийгиликтери үчүн сыйлоонун ар кандай формалары белгиленет.

## 9. Эл аралык ишмердүүлүк

9.1. КОББ (Колледж) университеттин чет өлкөлүк уюмдар, мекемелер жана ишканалар менен эл аралык кызматташтыгына катышат.

9.2. Эл аралык иш чөйрөсүндө КОББ (Колледж):

- окуу жана чыгармачылык ишмердүүлүк маселелери боюнча университеттин өнөктөш - чет өлкөлүк окуу жайлары менен өз ара аракеттенүүгө катышуу;
- университеттин тышкы өнөктөштөрү менен биргеликте орто кесиптик жана кошумча билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- окугандардын жана кызматкерлердин эл аралык академиялык мобилдүүлүгү үчүн шарттарды түзүү;
- чет өлкөлүк жарандарды мамлекеттер аралык жана өкмөттөр аралык келишимдерге, ошондой эле университет тарабынан чет өлкөлүк окуу жайлары, уюмдары жана жарандары менен түзүлгөн келишимдерге ылайык окутуу;
- чет өлкөлүк окутуучулардын жана адистердин чакыруусу боюнча КОББ (Колледж) окутуу үчүн сунуштарды киргизүү;
- ар кандай эл аралык уюмдардын гранттарын алуу боюнча сынактарга катышуу;
- чет өлкөлүк өнөктөштөр менен биргелешкен конференцияларга катышуу.

9.3. КОББ (Колледждин) эл аралык иши университеттин тиешелүү бөлүмдөрү менен макулдашуу боюнча жүргүзүлөт.

## 10. Каржы-чарбалык иш

10.1. Университет КОББ (Колледжге) анын ишин уюштуруу үчүн зарыл болгон мүлктү бекитип берет.

10.2. КОББ (Колледж) ага берилген мүлктүн сакталышын, анын окуу жана башка иштерде натыйжалуу пайдаланылышын камсыз кылат.

10.3. КОББ (Колледж) университеттин каржы-чарбалык ишинин планын жетекчиликке алат.

10.4. КОББ (Колледж) ишин каржылоо булактары болуп төмөнкүлөр саналат:

- университеттин Уставында жана университеттин башка ички актыларында аныкталган тартипте киреше алып келүүчү башка иш-аракеттерден түшкөн кирешелер;
- КОББ (Колледжди) өнүктүрүү үчүн мамлекет, эл аралык уюмдар, жарандар жана юридикалык жактар тарабынан берилген максаттуу каражаттар, ыктыярдуу төгүмдөр, кайрымдуулуктар;
- мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү боюнча мамлекеттик тапшырманы аткарууну каржылык жактан камсыз кылууга субсидиялар;
- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган башка булактар.

10.5. КОББ (Колледж) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Жобого, университеттин Уставына ылайык акы төлөнүүчү негизде жеке жана юридикалык жактар менен келишимдер боюнча башка киреше алып келүүчү иштерди жүргүзүүгө укуктуу. КОББ (Колледж) көрсөтүүчү кызматтардын баасы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, университеттин Уставында жана ректордун буйруктарында каралган тартипте университеттин Камкорчулук кеңешинин чечими менен бекитилет.

10.6. КОББ (Колледж) жеке жана юридикалык жактар, анын ичинде бюджеттик каражаттардын эсебинен (бар болсо) окугандар менен түзүлгөн келишимдер боюнча тиешелүү программалардан жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынан тышкары кошумча акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтө алат.

10.7. КОББ (Колледждин) директору эмгек акы төлөө каражаттарынын чегинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, университеттин эмгек акы төлөө жөнүндө ички актыларында белгиленген тартипте КОББ (Колледж) кызматкерлерине дем берүүчү мүнөздөгү төлөмдөрдүн өлчөмү жөнүндө ректорго сунуш киргизет.

10.8. Бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүчү келишимдерди түзүүгө КОББ (Колледж) директоруна берилүүчү ыйгарым укуктардын көлөмү ректордун ишеним каты менен аныкталат.

## 11. КОББ (Колледж) университеттин башка бөлүмдөрү менен өз ара аракеттенүүсү

11.1. КОББ (Колледж) билим берүү ишин жүзөгө ашыруу процессинде университеттин ички ченемдик актыларына ылайык университеттин түзүмдүк бөлүмдөрү менен өз ара аракеттенет.

11.2. КОББ (Колледж) өзүнүн компетенциясына кирген маселелер боюнча башка билим берүү уюмдары менен өз ара аракеттенет. КОББ (Колледж) башка уюмдар менен өз ара аракеттенүү процессинде берилген ыйгарым укуктардын негизинде университеттин кызыкчылыгында аракеттенет.

## 12. Корутунду жоболор

12.1. Университеттин Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде университеттин ректорунун буйругу менен Колледж кайра түзүлүшү же жоюлушу мүмкүн.

12.2. Бул Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү, Жобону жаңы редакцияда кабыл алуу КОББ (Колледж) Педагогикалык кеңешинин, КОББ (Колледж) директорунун, университеттин Окумуштуулар кеңешинин же университеттин ректорунун демилгеси боюнча жүргүзүлөт, университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынат жана университеттин ректорунун буйругу менен бекитилет.

КОББ (Колледж) Педагогикалык
Кеңешинин отурумунда
**Талкууланды жана бекитилди** ____________ Э.Д. Дербишева
28.10.2022-ж. № 2 Протоколу

**Макулдашылган:**
УИБ башчысы ____________ А.Ж. Исраилов